# 2011-жылдын 1-чейрегиндеги акча-кредит саясат жөнүндө отчет

Улуттук банк Башкармасынын
2011-жылдын 1-июнундагы №31/1 токтому менен
кабыл алынган

## 1.1. Акча-кредит саясатындагы негизги тенденциялар

Жалпысынан 2011-жылдын 1-чейреги үчүн (Улуттук статистика комитетинин маалыматы боюнча) инфляция деңгээлин мүнөздөгөн керектөө бааларынын индексинин өсүшү 6,4 пайызды (2011-жылдын март айы 2010-жылдын март айына карата жылдык мааниде инфляция 20,8 пайызды түзгөн), ал эми 2010-жылдын ушул эле мезгилинде инфляция деңгээли 4,8 пайыз чегинде катталган (2010-жылдын март айында 2009-жылдын март айына карата жылдык мааниде инфляция 4,3 пайыз чегинде болгон). Биринчи чейрек ичинде инфляциялык процесстердин күч алышы дүйнөлүк товардык-сырьелук рыноктордо баалардын өсүшүнөн улам жашылча-жемиш, нан азыктары жана талкандар, кант сыяктуу азык-түлүккө баалардын жогорку өсүш арымынын эсебинен жүргөн.

2011-жылда өлкөдөгү инфляциянын жогорку деңгээлде болуп туруусун жана инфляциялык тобокелдиктердин орун алышын эске алуу менен Улуттук банк, акча-кредит саясатын катуулатуу боюнча чараларды көрүүнү уланткан. Өтүп жаткан жылдын 1-чейрегинде инфляцияны монетардык түзүүчүлөрүн чектөө максатында Улуттук банк, банк тутумундагы үстөк ликвиддүүлүктөн арылтуу боюнча операцияларын көбөйткөн: Улуттук банктын жүгүртүүдөгү ноталарынын көлөмү 2010-жылдын акырындагы 669,2 млн. сомдон 2011-жылдын 1-чейрегинин акырына карата 1 165,2 млн. сомго чейин өскөн; мамлекеттик баалуу кагаздарды сатуу боюнча репо операциялары 2010-жылдын акырындагы 70,8 млн. сомдон 230,8 млн. сомго чейин өскөн. Улуттук банк эсептик ченди ырааты менен жыл башындагы 5,5 пайыздан 1-чейректин акырына карата белгиленген 6,92 пайызга чейин көбөйткөн.

Улуттук банк, акча-кредит саясатынын таасирин күчөтүүнүн алкагында 2011-жылдын 14-мартынан тартып милдеттүү камдардын өлчөмүн эсептик базаны 8 пайыздан 9 пайызга чейин көбөйткөн; Банктарды рефинансылоонун адистештирилген фондусун (БРАФ) кредиттөө максаттары үчүн базалык ченди 2011-жылдын 1-январынан тартып 7 пайыздан 8 пайызга чейин, ал эми 2011-жылдын 1-мартынан тартып – 8,25 пайызга чейин жогорулаткан. 2011-жылдын март айынын акырына карата абал боюнча Банктарды рефинансылоо адистештирилген фондусу тарабынан бөлүштүрүлгөн каражаттардын көлөмү 1,8 млрд. сомду түзгөн, алардын ичинен анын кредит портфели – 1,3 млрд. сом, анда «Фермерлерге жеткиликтүү кредиттер» долбоору боюнча – 200,0 млн. сом.

Алмашуу курсунун кескин өзгөрүүсүнө жол бербөө максатында Улуттук банк, 2011-жылдын январь-март айларында валюталык интервенцияларды жүргүзгөн, чет өлкө валютасын таза сатуу 62,5 млн. долларды түзгөн (2010-жылдын ушул эле мезгилинде – 52,4 млн. доллар чегинде катталган эле). Өтүп жаткан жылдын 1-чейреги үчүн сомго карата доллардын алмашуу курсу 0,3 пайызга, б.а. 1 АКШ доллары үчүн 47,0992 сомдон 47,2448 сомго чейин (2010-жылдын ушул эле мезгилинде 2,6 пайызга) жогорулаган.

2011-жылдын 1-чейреги ичинде сом, соода боюнча негизги өнөктөш валютасына карата нарксызданган, бул сомдун реалдуу эффективдүү алмашуу курсунун (РЭАК) индексинин 1,2 пайызга, 109,7ге чейин төмөндөшүн шарттаган.

Бүтүндөй алганда, 2011-жылдын 1-чейреги ичиндеи акча базасынын төмөндөшү 7,2 пайызды түзгөн (2010-жылдын ушул эле мезгилинде – 4,2 пайыз), бул негизинен, Улуттук банктын чет өлкө валютасын сатуу боюнча валюталык интервенцияларына байланыштуу болгон. Отчеттук мезгил ичинде М2Х кеңири

мааниде колдонулуучу акча массасы 3,7 пайызга, 66,6 млрд. сомго чейин кыскарган. Мында, экономиканы монетизациялоо көрсөткүчү 0,5 пайыздык пунктка, 28,4 пайызга чейин көбөйгөн.

Жылдын 1-чейреги ичинде экономикада 2010-жылдын январь-март айларындагы ушул эле көрсөткүчкө салыштырганда экономикалык өсүш арымынын 0,4 пайызга жогорулашы байкалган, мында ИДӨнүн өсүшүнө электрэнергиясын, газды жана сууну өндүрүү жана бөлүштүрүү тармагы негизги салымды кошкон.

2011-жылдын 1-чейрегинин жыйынтыгы боюнча төлөм теңдеминин сальдосу 27 млн. АКШ доллары өлчөмүндө оң калыптанган. Ошону менен бирге эле күндөлүк эсептин тартыштыгынын 121,4 млн. долларына же ИДӨгө карата 4,3 пайызга олуттуу көбөйүүсү катталган. Отчеттук мезгил ичинде эл аралык дүң камдардын көлөмү 4,9 пайызга же 1,8 млрд. АКШ долларына чейин көбөйгөн, бул товарлардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн келечектеги 4,2 айлык импортун жабат.

Финансы министрлигинин Борбордук казыналыгынын алдын ала маалыматтары боюнча, мамлекеттик бюджеттин 2011-жылдын январь-март айларындагы профицити 1,5 млрд. сомду же ИДӨгө карата 3,2 пайызды түзгөн.

### 1.2. Акча-кредит көрсөткүчтөрүнүн динамикасы

2011-жылдын март айынын акырына карата акча базасы отчеттук мезгил ичинде 7,2 пайызга кыскаруу менен 45 116,5 млн. сомду түзгөн (2010-жылдын ушул эле мезгилинде – 4,2 пайызга), бул эң башкысы Улуттук банктын валютаны сатуу боюнча валюталык интервенциялардын эсебинен жүргөн.

Акча базасынын түзүмүндө жүгүртүүдөгү нак акчалардын үлүшү 2010-жылдын акырындагы 89,1 пайыздан 2011-жылдын март айынын акырына карата 90,5 пайызга чейин көбөйүүсү байкалган, демек коммерциялык банктардын Улуттук банктагы корреспонденттик эсептериндеги каражаттарынын үлүшү 10,9 пайыздан 9,5 пайызга чейин азайган.

Өтүп жаткан жылдын алгачкы чейрегинин акырына карата банктардан тышкаркы акча (М0) отчеттук мезгил ичинде 5,9 пайызга (өткөн жылдын ушул эле мезгилинде – 3,9 пайызга) төмөндөө менен 39 014,4 млн. сомду түзгөн.

М2 акча массасы отчеттук мезгил ичинде 4,8 пайызга (өтүп кеткен жылдын ушул эле мезгилинде – 1,7 пайыз) кыскаруу менен 2010-жылдын март айынын акырына карата 51 159,4 млн. сом чегинде катталган.

Чет өлкө валютасында депозиттерди[1] камтыган М2Х кеңири мааниде колдонулуучу акча массасынын көлөмү отчеттук мезгил ичинде 3,7 пайызга кыскаруу менен 2011-жылдын акырына карата 66 647,7 млн. сомду түзгөн (2010-жылдын 1-чейрегинде 1,4 пайызга азайуусу байкалган). Мында, банктардан тышкаркы акча отчеттук мезгил ичинде 5,9 пайызга азайган. Ушуну менен бирге эле, М2Х кеңири мааниде колдонулуучу акча массасынын аныктамасында камтылган депозитердин жалпы көлөмү 0,4 пайызга төмөндөгөн, анын ичинде улуттук валютадагы депозиттер 1,1 пайызга кыскарган болсо, чет өлкө валютасындагы депозиттер 0,2 пайызга көбөйгөн. М2Х акча массасынын түзүмүндө чет өлкө валютасындагы депозиттердин үлүшү отчеттук мезгил ичинде 0,9 пайыздык пунктка, 23,2 пайызга чейин, ал эми улуттук валютадагы депозиттердин үлүшү 0,5 пайызга 18,2 пайызга чейин көбөйгөн, мында, кеңири акчаны накталай түзүүчүлөр 1,4 пайыздык пунктка, 58,5 пайызга чейин төмөндөгөн.

[1] Өкмөт жана резидент эместердин депозитерин эске алуусуз.

Жыл башынан бери Кыргыз Республикасынын экономикасын монетизациялоо көрсөткүчү 0,5 пайыздык пунктка көбөйүп, апрель айынын баш жагына карата 28,4 пайыз чегинде түптөлгөн.

### 1.3. Инфляция: жыйынтыктар жана тенденциялар

2011-жылдын 1-чейрегинде өткөн жылдагы ушул эле көрсөткүчүнө салыштырмалуу республикада баалардын жалпы деңгээлинин жогорулашы байкалган. Алсак, Улуттук статистика комитетинин (УСК) маалыматтары боюнча, 2011-жылдын 1-чейрегинде баалардын жалпы деңгээлинин өсүшү, өткөн жылдагы ушул эле көрсөткүчтүн 4,8 пайыз өсүшүнө салыштырганда 6,4 пайызды түзгөн. Биринчи чейректеги инфляциялык процесстердин ыкчамдашы, дүйнөлүк товардык-сырьелук рыноктордо баалардын кескин өсүшүнүн алкагында, азык-түлүк товарларына баалардын жогорку өсүш арымынын кесепетинен келип чыккан. Алсак, «жашылча-жемиштер боюнча» баанын эң чоң - 24,4 пайызга, «нан азыктары жана талкандар боюнча» – 13,5 пайызга жана кант боюнча – 15,2 пайызга баалардын өсүшү белгиленген. Инфляциянын 12 ай ичиндеги мааниси (2011-жылдын март айы 2010-жылдын март айына карата) 20,8 пайызды, ал эми өткөн жылдын ушул эле мезгилинде – 4,3 пайызды түзгөн. Буудайга жана Казакстандан жана Россиядан импорттолгон азык-түлүк товарларына баалардын олуттуу өсүшүн, коңшу өлкөлөрдүн республикада өндүрүлгөн айыл-чарба азык-түлүгүнө экспорттук талабынын жогорулоосун, курулуш материалдарына баанын өсүшү, импорттолуп алынган энергопродукцияларынын наркынын көбөйүүсү республикадагы баалардын жалпы өсүшүнө таасир эткен негизги факторлор катары атоого болот.

**1-таблица. Кыргыз Республикасында керектөө бааларынын индекси**

| | 2011-ж. март айы | | | 2011 -ж январь-март айларына карата 2010-ж. январь-март айларына карата |
|---|---|---|---|---|
| | 2011-ж. февраль айына карата | 2010-ж. март айына карата | 2010-ж. декабрь айына карата | |
| **Бардык товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр,** | **102,2** | **120,8** | **106,4** | **120,3** |
| анын ичинде | | | | |
| Азык-түлүк толварлары жана алкоголсуз суусундуктар | 103,9 | 135,3 | 112,2 | 132,7 |
| Алкоголдук ичимдиктер жана тамеки | 100,9 | 113,5 | 101,2 | 113,1 |
| Азык-түлүккө кирбеген товарлар | 100,6 | 108,8 | 101,5 | 110,3 |
| Кызмат көрсөтүүлөр | 100,4 | 111,1 | 102,1 | 111,7 |

2011-жылдын март айынын жыйынтыгы боюнча азык-түлүк товарларына баалар жылдык мааниде алганда 35,3 пайызга жогорулаган (ал эми 2010-жылдын ушул эле мезгилинде жылдык мааниде алганда өзгөрүүсүз калган). Жергиликтүү өндүрүш көлөмүнүн жетишсиздигинен улам жана дүйнөлүк рыноктогу баалардын өсүшүнө байланыштуу кантка баанын кайрадан жогорулашы байкалган. 2011-жылдын март айында кантка баанын өсүшү жылдык мааниде алганда 19,3 пайызды түзгөн. Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитетинин маалыматы боюнча өтүп жаткан жылдын март айында алынып келинген кантка орточо баа тоннасына 924,6 АКШ долларын түзгөн (өткөн жылдын март айына карата +11,6 пайыз).

Экономиканын азык-түлүк товарлары боюнча импорттон көз карандылыгы жогорку деңгээлде сакталып калууда. Алкоголдук жана тамеки продукциялары баа жылдык мааниде алганда, тиешелүүлүгүнө жараша 6,1 жана 33,8 пайызга өскөн.

Азык-түлүктөн башка товарларга керектөө бааларынын индексинин 12 ай ичиндеги өсүшү 8,8 пайыз чегинде катталган. Турак-жай кызмат көрсөтүүлөрүнө баанын төмөндөөсү жүргөн, ал жыл ичинде 7,8 пайызга арзандаган; электрэнергиясына, газга жана отундун башка түрлөрүнө тарифтердин жылдык мааниде алганда 10,7 пайызга төмөндөшү, товарлардын бул тобу боюнча баа динамикасын аныктаган. Күйүүчү-майлоочу материалдардын наркы жылдык мааниде алганда 16,1 пайызга өскөн: бензинге баа - 14,9 пайызга, ал эми дизель отунуна 29,6 пайызга жогорулаган. Товардын ушул тобу боюнча Россия жана Казакстандан мунай заттарын алымдарысыз ташып келүүдөн улам, баалардын жылдык өсүш арымынын басаңдашы байкалган.

Кароого алынып жаткан мезгил ичинде акы төлөнүүчү кызмат көрсөтүүлөргө баа индекси жылдык өлчөөдө 11,1 пайызга өскөн (2010-жылдын ушул эле мезгил ичинде - 3,6 пайызга). ушул топ боюнча индекстин өсүшү, эң башкысы, тойканалардын жана мейманканалардын кызмат көрсөтүүлөрүнүн 18,7 пайызга кымбаташынын эсебинен жүргөн, буга өз кезегинде азык-түлүк товарларынын, ошондой эле транспорттук кызмат көрсөтүүлөрдүн (+11,4 пайыз) жана эс алууну уюштуруу боюнча кызмат көрсөтүүлөрүнү наркынын (+20,3 пайыз) кымбатташы тасир эткен. Мындан тышкары, салматтыкты сактоо жана билим берүүгө кызмат көрсөтүүлөрдүн наркынын, тиешелүүлүгүнө жараша 7,7 жана 7,6 пайызга, көбөйүүсү байкалган.

## 1.4. Реалдуу сектор

Алдын ала алынган маалыматтар боюнча 2011-жылдын январь-март айлары ичинде ИДӨнын күндөлүк баадагы көлөмү 46 586,1 млн. сомду түзүп, өткөн жылдын ушул эле мезгилине караганда 0,4 пайызга реалдуу алганда көбөйгөн. Ал эми 2010-жылдын ушул эле айларында ИДӨнүн көлөмү 16,8 пайыз өсүшкө ээ болгон эле. 2011-жылдын январь-март айлары ичинде ИДӨнын көлөмү «Кумтөр» алтын кенин казып алуу ишканаларын эске албаганда 1,8 пайызга өскөн (2010-жылдын 1-чейрегинин жыйынтыгы боюнча ушул эле көрсөткүчтүн өсүшү 8,9 пайыз чегинде катталган). Алдын ала маалыматтар боюнча ИДӨнын дефлятору 2011-жылдын 1-чейреги ичинде 2010-жылдын январь-март айларындагы 2,9 пайызга салыштырганда 14,0 пайыз чегинде калыптанган.

**2-таблица. ИДӨнын өсүшүнө/төмөндөшүнө ишкердиктин айрым түрлөрүнүн салымдары**

*(пайыздарда)*

| | Салыштырма салмагы | | Өсүш арымы | | Өсүшкө салымдар | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | 2010, I чей. | 2011, I чей. | 2010, I чей. | 2011, I чей. | 2010, I чей. | 2011, I чей. |
| Айыл чарбачылыгы | 9,1 | 8,8 | 2,1 | 0,5 | 0,2 | 0,0 |
| Тоо кендерин казып алуу өнөр жайы | 0,5 | 0,7 | -5,3 | 26,6 | 0,0 | 0,1 |
| Кайра иштетүү өнөр жайы | 22,0 | 22,8 | 105,5 | -6,0 | 13,5 | -1,3 |
| Э/энерг., газды жана сууну өндүрүү жана бөлүштүрүү | 5,1 | 4,5 | 16,4 | 27,3 | 0,6 | 1,4 |
| Курулуш | 3,4 | 3,3 | 2,7 | -11,8 | 0,1 | -0,4 |
| Соода | 16,4 | 16,9 | 0,9 | -4,2 | 0,2 | -0,7 |
| Мейманканалар жана ресторандар | 1,3 | 1,3 | 2,5 | -7,0 | 0,0 | -0,1 |
| Транспорт жана байланыш | 10,3 | 10,3 | 1,5 | 8,3 | 0,2 | 0,9 |
| Жана башкалар | 20,2 | 19,5 | -0,8 | 2,2 | -0,2 | 0,4 |
| Продуктылардан таза салыктар | 11,7 | 12,0 | 16,8 | 0,4 | 22,2 | 0,0 |
| **ИДП** | 100,0 | 100,0 | 16,8 | 0,4 | 16,8 | 0,4 |

УСК булагы, Улуттук банктын эсептери

Алдын ала маалыматтар боюнча 2011-жылдын 1-чейреги ичинде өнөр жай өндүрүшүнүн продукцияларынын физикалык көлөмү 0,8 пайызга өскөн. Өнөр жай өндүрүшүнүн өсүшү, «Кумтөр» алтын кенин казып алуу ишканасын эске албаганда, 7,8 пайызды түзгөн. Ал эми 2010-жылдын январь-март айларынын жыйынтыгы боюнча өнөр жай продуктыларын өндүрүүнүн өсүшү 79,4 пайызга жетип, «Кумтөрдү» эске албаганда өндүрүш көлөмү 44,6 пайызга өскөн.

2011-жылдын январь-март айларында кайра иштетүү өнөр жай өндүрүш көлөмүнүн динамикасынын төмөндөшү 2010-жылдын 1-чейрегиндеги жогорку база менен шартталган. Алсак, алдын ала маалыматтар боюнча, 2011-жылдын алгачкы чейреги ичинде кайра иштетүү өнөр жай өндүрүшүнүн көлөмү, «Кумтөр» алтын кенин казып алуу ишканаларында өндүрүштүн кыскарышынын алкагында, 2010-жылдагы ушул эле көрсөткүчкө салыштырганда 6,0 пайызга төмөндөгөн, бул, өз кезегинде, 2011-жылдын 1-чейрегинде алтынды казып алуунун пландык кыскартылышы менен шартталган. Ошондой болсо да, кайра иштетүү өнөр жай түзүмүндө экспортко багыт алган секторлордо: текстиль жана тигүү өндүрүшүндө, башка металл эмес минерал продуктыларды (курулуш материалдары) чыгаруу өндүрүшүндө өсүш белгиленген.

Алдын ала маалыматтар боюнча, 2011-жылдын январь-март айларында ИДӨнын өсүшүнө олуттуу салымды электрэнергияны, газды жана сууну өндүрүү жана бөлүштүрүү тармагы кошкон. Бул тармактын өндүрүш көлөмү 27,3 пайыздык өсүшкө ээ болгон, бул электрэнергияны өндүрүү 33 пайызга жана аны бөлүштүрүү боюнча кызмат көрсөтүүлөр 24 пайызга өсүшү менен шартталган.

Алдын ала алынган маалыматтар боюнча, айыл чарба продуктыларын дүң чыгаруу 2011-жылдын январь-март айлары ичинде 2010-жылдын 1-чейрегинин жыйынтыгы боюнча 2,1 пайыздык өсүшкө караганда реалдуу мааниде алганда 0,5 пайызга көбөйгөн.

2011-жылдын январь-март айларында соода операцияларынын жүгүртүүсү 2010-жылдын ушул эле көрсөткүчүнө караганда 4,2 пайызга кыскарган (2010-жылдын январь-март айларында соода көлөмүнүн өсүшү 0,9 пайызды түзгөн). 2010-жылдагы саясый туруксуздуктун кесепеттери жана Бажы союзунун түзүлүшүнүн чегинде негизги өнөктөш өлкөлөр менен соода шарттарынын начарлоосу соода операцияларынын көлөмүнүн кыскарышынын негизги себептеринен болгон.

Негизги капиталга инвестициялоо көлөмү алдын ала маалыматтар боюнча 2011-жылдын 1-чейрегинде 2010-жылдын ушул эле көрсөткүчүнө салыштырганда, реалдуу мааниде алганда 9,8 пайызга кыскарган (2010-жылдын январь-март айларында ушул эле көрсөткүч 10,4 пайызга кыскарган). Негизги капиталга инвестициялардын көлөмүнүн 2011-жылдын 1-чейрегинде кыскаруусу, айыл чарба, электрэнергиясын, газды жана сууну өндүрүү жана бөлүштүрүү, мейманканалар жана тойканалар, транспорт жана байланыш объекттериндеги өздөштүрүлгөн каражаттардын төмөндөшү менен шартталган.

### 1.5. Тышкы экономикалык сектор

2011-жылдын 1-чейрегинин жыйынтыгы боюнча Кыргыз Республикасынын тышкы соода жүгүртүүсү ФОБ баасында 11,9 пайызга көбөйүүнүн нарктык көрсөткүчүндө 1 214,9 млн. АКШ долларын түзгөн. Кыргызстандын КМШ өлкөлөрү менен сыяктуу эле алыскы чет өлкөлөр менен соода мамилелеринин өсүш динамикасы бирдей калыптанган, мында тышкы соода операцияларынын жалпы көлөмүндөгү алардын салыштырма салмактары, тиешелүүлүгүнө жараша 44,4 жана 56,6 пайызды түзгөн.

Товарлардын экспорту (ФОБ баасында) 2011-жылдын 1-чейрегинде 2010-жылдын 1-чейрегине караганда 4,2 пайызга көбөйүү менен 486,7 млн. АКШ доллар

чегинде калыптанган. Товарлардын импортту ФОБ баасында 2011-жылдын 1-чейрегинде 17,6 пайызга өсүп, 728,3 млн. долларды түзгөн.

Кароого алынган мезгил ичинде күндөлүк трасферттер боюнча валюталык түшүүлөрдүн арткандыгы байкалган, бул эмгек мигранттарынын акчалай которууларынын көлөмүнүн (30,8 пайызга), ошондой эле мамлекеттик секторго акчалай гранттардын түшүүлөрүнүн (38,8 пайызга) олуттуу өсүшү менен шартталган. Күндөлүк трасферттер боюнча акчалай түшүүлөрдүн өскөндүгүнө карабастан, товарлар жана кызмат көрсөтүүлөрдүн тартыштыгынын 43,7 пайызга көбөйүүсү, ошондой эле «кирешелер» статьясы боюнча агылып чыгуулардын 52,6 пайызга артышы, күндөлүк эсептин абалынын начарлашына алып келген. 2011-жылдын 1-чейрегинин акырында күндөлүк операциялар эсебинин тартыштыгы 121,4 млн. АКШ доллар өлчөмүндө калыптанган, бул ИДӨгө карата 4,3 пайызга ылайык келет.

Жылдын 1-чейрегинин жыйынтыгы боюнча капитал менен операциялардын жана финансылык операциялардын эсеби 108,9 млн. АКШ доллар өлчөмүндө оң сальдодо түптөлгөн, бул 2010-жылдагы ушул эле көрсөткүчтөн 77,0 млн. долларга көбүрөөк.

Ошентип, 2011-жылдын 1-чейрегинин жыйынтыгы боюнча төлөм теңдеминин сальдосу 27,0 млн. доллар өлчөмүндө оң чыккан. Отчеттук мезгилдин акырына карата эл аралык дүң камдардын көлөмү 1 803,4 млн. АКШ долларды түзгөн, бул товарлардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн келечектеги 4,2 айлык импортун жабат.

Алдын ала маалыматтар боюнча, өтүп жаткан жылдын башынан тартып сомдун номиналдык эффективдүү алмашуу курсунун индекси (НЭАК) 4,8 пайызга төмөндөп, март айынын акырына 110,7ни түзгөн. Бул төмөндөө негизги соода өнөктөштөрүнүн валюталарынын көпчүлүгүнө карата сомдун нарксызданышы менен шартталган. Алсак, 2011-жылдын март айында сом 2010-жылдын декабрь айына салыштырганда орус рублине карата 8,9 пайызга, кытай юанине карата – 2,3 пайызга, казак тенгесине карата – 2,1 пайызга, АКШ долларына карата 1,0 пайызга жана еврого карата 6,1 пайызга нарксызданган.

Өнөктөш өлкөлөрдө инфляция деңгээлинин кыйла төмөнкү деңгээлде катталгандыгына карабастан[2] сомдун соода боюнча негизги өнөктөш өлкөлөрдүн валюталарына карата сомдун НЭОКунун нарксызданышы реалдуу эффективдүү алмашуу курсунун (РЭОК) индексинин төмөндөө жагына басым жасоо менен инфляциянын таасирин текшилөөгө жетишкен. Ошентип, 2010-жылдын декабрь айынан тартып сомдун РЭОКу 1,2 пайызга төмөндөп, ушул жылдын март айынын акырына карата 109,7ни түзгөн.

## 1.6. Мамлекеттик финансы сектору

Финансы министрлигинин борбордук казыналыгынын алдын ала маалыматтары боюнча 2011-жылдын январь-март айларында мамлекеттик бюджеттин профицити 1,5 млрд. сомду же ИДӨгө карата 3,2 пайызды түзгөн (2010-жылдын январь-март айлары ичинде бюджет ИДӨгө карата 2,7 пайыз өлчүмүндөгү профицити менен аткарылган). Мында, «Кумтөрдүн» дүң кирешесинен салыктан түшкөн каражаттарды эске албаганда, мамлекеттик бюджеттин тартыштыгы (-)0,6 млрд. сомду же ИДӨгө карата (-)1,2 пайызды түзгөн. Кароого алынып жаткан мезгил ичинде мамлекеттик бюджетти жалпы каржылоо 2,4 млрд. сомду түзгөн: анын ичинен ичтен каржылоо 2,1 млрд. сом, сырттан каржылоо 0,4 млрд. сом чегинде катталган.

[2] Кыргыз Республикасында инфляция деңгээли өтүп жаткан жылдын январь–март айлары ичинде 6,4 пайызды түзгөн, ошол эле учурда соода боюнча негизги өнөктөш өлкөлөрдө инфляциянын орточо деңгээли, алдын ала эсептёёлёр боюнча 2,6 пайызды түзгөн.

Кыргыз Республикасынын социалдык фондусунун алдын ала маалыматтары боюнча фонддун 2011-жылдын 1-чейреги ичиндеги бюджетинин профицити 1,3 млрд. сомду же ИДӨгө карата 2,7 пайызды түзгөн, кирешелери 6,2 мрд. сомду же ИДӨгө карата 13,3 пайызды, ал эми чыгашалары 5,0 млрд. сомду же ИДӨгө карата 10,7 пайызды түзгөн.

2011-жылы январь-март айлары ичинде мамлекеттик бюджеттин операциялык ишкердиктен түшкөн кирешелери 15,2 млрд. сомду же ИДӨгө карата 32,5 пайызды түзгөн. 2010-жылдын январь-март айлары ичиндеги ушул эле көрсөткүчкө салыштырганда өсүш 9,1 пайызды түзүү менен азайган, бул бүтүндөй алганда, акыркы беш жыл аралыгында калыптанган орточо жылдык деңгээлден төмөн.

Мамлекеттик бюджеттин операциялык ишкердикке жалпы чыгашалары 2011-жылдын январь-март айлары ичинде 8,8[3] пайызга же 1,1 млрд. сомго көбөйүү менен 13,1 млрд. сомду түзгөн.

Отчеттук мезгил ичиндеги бюджеттик чыгашалардын функционалдык классификациясына ылайык төмөнкү топтор боюнча чыгашалардын өскөндүгү байкалган: коргонууга, коомдук тартипти жана коопсуздукту сактоого (47,6 пайыз), социалдык коргоого алууга (25,0 пайыз), эс алууга, маданий жана диний иш-чараларга (16,1 пайыз) жалпы багыттагы мамлекеттик кызматтарга (12,5 пайыз), саламаттыкты сактоого (5,3 пайыз) багытталган. Мамлекеттик бюджеттин чыгашалары экономикалык маселелер (20,3 пайызга), курчап турган чөйрөнү коргоо (7,0 пайыз), турак-жай коммуналдык кызмат көрсөтүүлөргө (1,4 пайыз) жана билим берүү (0,2 пайыз) топтору боюнча кыскарган.

2010-жылдын декабрь айынын акырына карата абал боюнча мамлекеттик карыз 131,6 млрд. сомду, анын ичинен ички карыз 8,4 млрд. сомду, ал эми тышкы карыз 123,2[4] млрд. сомду түзгөн. 2010-жыл ичинде мамлекеттик карыз 11,7 пайызга же 2009-жылдын акырына карата алынган мына ушундай көрсөткүчкө салыштырганда 13,8 млрд. сомго (293,3 млн. АКШ доларга) көбөйгөн. 2010-жыл ичинде тышкы булактардан 140,1 млн. АКШ доллары суммасында кредиттик каражатар өздөштүрүлгөн.

Мамлекеттик карызды тейлөө боюнча пайыздык төлөөлөр 2011-жылдын январь-март айлары ичинде 481,6 млн. сомду түзгөн (2010-жылдын январь-март айлары 415,0 млн. сом). Мунун ичинен ички жана тышкы карыз боюнча төлөөлөрдүн салыштырма салмагы, тиешелүүлүгүнө жараша жалпы пайыздык төлөмдөрдүн 25,1 жана 74,9 пайыз чегинде катталган. 2010-жылдын январь-март айлары ичиндеги ушул эле көрсөткүчкө салыштырганда тышкы карыз боюнча пайыздык төлөөлөр 3,4 эсеге же 254,6 млн. сомго көбөйгөн болсо, ички карыз боюнча 60,9 пайызга же 188,0 млн. сомго төмөндөгөн.

Отчеттук мезгил ичинде финансылк эмес активдерди сатып алуу боюнча операцияларга (негизги фондулар, запастар, жер сыяктуу операцияларды кошо алганда) бюджеттик каражаттардын таза агылып чыгуусу 582,6 млн. сомду же ИДӨгө карата 1,3 пайызды түзгөн (2010-жылдын январь-март айлары ичинде 792,8 млн. сом же ИДӨгө карата 1,9 пайыз).

[3] Реалдуу мааниде алганда (-)9,5 пайызга төмөндөгөн

[4] Улуттук банк тарабынан берилген маалыматтар (2010-жылдын 31-декабрына карата 1 АКШ доллары үчүн = 47,0992 сом)

## 1.7. Финансы сектору

*Банк тутуму*

2011-жылдын 31-мартына карата абал боюнча[5] Кыргыз Республикасынын аймагында 22 коммерциялык банк[6] (Пакистан улуттук банкынын Бишкектеги филиалын кошо алганда) жана алардын 246 филиалы иштеп турган.

2010-жылы орун алган айрым бир проблемаларга карабастан банк тутуму 2011-жылдын 31-мартына карата пайда алуу менен иштегендигин тастыктай алган – бүтүндөй алганда 368,3 млн. сом өлчөмүндө таза пайда алууга жетишкен. Ал эми 2010-жылдын ушул эле мезгилинде да 22 коммерциялык банк иштеп турган, алардын иш натыйжасынан алынган таза пайда 416,2 млн. сом чегинде катталган. Өтүп жаткан жылдын 31-мартына карата банк тутумунун суммардык активи жыл башынан тартып 1,6 пайызга көбөйүү менен 58,9 млрд. сомду түзгөн.

Депозиттер рыногундагы жагдай туруктуу калыптанган. 1-чейрек ичинде коммерциялык банктарга аманат салуу, салыштырмалуу төмөнкү арымда болсо да, өсүшкө ээ болгон. Алсак, коммерциялык банктардын 2011-жылдын 1-чейрегинин акырына карата депозиттик базасы, жыл башынан тарта 0,4 пайызга көбөйүү менен 34,2 млрд. сомду түзгөн. Мында, көбөйүү депозиттик базанын валюталык түзүүчүлөрүнүн 1,4 пайызга өсүшү менен камсыз кылынган, ал эми сом түрүндөгү аманаттар 0,7 пайызга кыскарган. Валюталык депозиттердин көбөйүүсүнөн улам, депозиттик базаны долларлаштыруу бир азга, 52,1 пайыздан март айынын акырындагы 52,6 пайызга чейин өскөн.

Улуттук валютада жаңыдан кабыл алынган депозиттер боюнча орточо салмактанып алынган пайыздык чен 2011-жылдын 1-чейреги ичинде орточо алганда 2,0 пайызы, ал эми чет өлкө валютасындагы депозиттер боюнча, 2010-жылдын январь-март айларындагы ушул эле көрсөткүчкө салыштырганда 0,5 пайыздык пунктка төмөндөө менен 1,1 пайызды түзгөн.

Өтүп жаткан жылдын 1-чейрегинде экономиканы кредиттөөнүн өсүшү, кредиттик ресурстарга пайыздык чендердин төмөндөө тенденциясы улантылган. Банктардын кредит портфелинин көбөйүүсүнө негизги салымды айыл чарбасын кредиттөөнүн артышы кошкон, эң башкысы муну, кредиттик портфели чейрек ичинде 256,7 млн. сомго же 25,0 пайызга, 1,3 млрд. сомго чейин өсүп, орточо алынган чени 6,6 пайызды түзгөн «Банктарды рефинансылоонун адистештирилген фондусу» ЖЧКсынын иш жигеринин артышынын натыйжасы катары кароого болот.

Коммерциялык банктардын кредит портфелинин көлөмү 2011-жылдын 1-чейрегинин акырына карата жыл башынан бери 1,4 пайызга көбөйүп, 26,7 млрд. сомду түзгөн. Мында, сом менен берилген кредиттердин көлөмү 5,2 пайызга, 12,3 млрд. сомго чейин көбөйгөн. Чет өлкө валютасында берилген кредиттердин көлөмү 1-чейректин акырына карата 14,5 млрд. сом эквивалентинде катталган, бул жыл башындагы анын көлөмүнөн 1,6 пайызга төмөн. Банктардын улуттук валютадагы кредиттер боюнча орточо алынган пайыздык чени чейрек ичинде 0,4 пайыздык пунктка, 22,5 пайызга чейин, ал эми чет өлкө валютасында 0,1 пайыздык пунктка, 19,2 пайызга чейин төмөндөгөн.

---

[5] Коммерциялык банктардын мезгил-мезгили менен берилүүчү регулятивдик отчетторуна ылайык келтирилген маалыматтар.

[6] 2010-жылдын 1-ноябрынан тартып банкроттук жол-жобосун баштоо жёнъндё соттун чечимине жана консервация режимин токтолушуна (Улуттук банк Башкармасынын 2010-жылдын 1-ноябрындагы №83/1 токтомуна ылайык) байланыштуу АзияУниверсалБанк» ААКсы банк тутумунун түзүмүнөн алынып салынган.
2010-жылдын 24-декабрынан тартып, Улуттук банк Башкармасынынын 2010-жылдын 16-декабрындагы №91/1 токтомуна ылайык, «Залкар Банк» ААКсы банк тутумунун курамына кошулган.

Тармактар боюнча алганда да, банктардын кредит портфелинде негизги үлүштү, мурдагыдай эле соода жүргүзүүгө берилген кредиттер ээлеген. Мында, айыл чарбасынын үлүшү көбөйгөндүгүн белгилеп кетүү зарыл. Транспорт, байланыш, даярдоо жана кайра иштетүү чөйрөсүнө жана социалдык кызмат көрсөтүүлөргө каралган кредиттер, мурдагыдай эле бир аз эле үлүштү түзгөн.

Инфляция арымынын ыкчамдашынан улам, улуттук валютадагы кредиттер боюнча реалдуу пайыздык чендердин мааниси 1,8 пайыз чегинде катталган (2010-жылдын 1-чейринде ал 21,7 пайызды түзгөн эле).

***Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынан лицензия алышкан бантык эмес финансы-кредит мекемелери***

Кыргыз Республикасынын банктык эмес финансы-кредит мекемелер системасы 2011-жылдын март айынын акырына карата өзүндө 866 банктын эмес мекемени[7] камтып турган (2010-жылдын ушул эле мезгил ичинде бантык эмес мекемелердин саны 953 түзгөн), анын ичинен:

- Финансы компаниясы – 1;
- БРАФ – 1;
- Кредиттик союздар – 211;
- МКК – 277;
- МКА – 116;
- МФК – 4;
- Алмашуу бюролору – 256.

**3-таблица. Бантык эмес финансы-кредит мекемелеринин[8] кредит портфели (млн. сом)**

| **Финансы-кредит мекемелеринин аталыштары** | **31.03.2010** | **31.12.2010** | **31.03.2011** |
|---|---|---|---|
| Кыргыз Республикасында кредиттик союздарды колдоо жана өнүктүрүү боюнча финансы компаниясы | 407,14 | 461,10 | 466,09 |
| Банктарды рефинансылоонун адистештирилген фондусу | 65,16 | 1 028,07 | 1284,76 |
| Өнүктүрүү Фондусу (КРӨФ)[9] | 4522,03 | - | |
| МФУ[10] (МКК/МКА) | - | 6 126,32 | - |
| МФК[11] | 3296,16 | 3 821,96 | 4196,17 |
| Кредиттик союздар | 964,89 | 1 139,73 | 1161,36 |
| Ломбарддар | - | - | - |
| **Бардыгы болуп** | | **11 088,01** | |
| **Бардыгы болуп (без учета ФРКР)** | | **11 088,01** | |

[7] Ломбарддарды эске албаганда, анткени 2009-жылдын 8-сентябрынан тартып аларды лицензиялоо иши иши токтотулган.

[8] Маалыматтар, Финкомпанияны жана БРАФты эске алуусуз келтирилген (анткени, Финкомапания кредиттерди кредиттик союздарга, ал эми БРАФ – коммерциялык банктарга берет).

[9] Улуттук банк Башкармасынын 2010-жылдын 7-майындагы №29/1 токтому менен «Кыргыз Республикасын Өнүктүрүү фондусу» ЖАКтын, Убактылуу Өкмөттүн 2010-жылдын 30-апрелиндеги №31 Декретинин негизинде 2009-жылдын 2-сентябрында берилген №4 лицензиясы 2010-жылдын 7-майынан тартып кайтарылып алынган.

[10] МКК жана МКАлар тарабынан мезгил-мезгили менен берилүүчү регулятивдик отчёттор, жарым жылдык негизде сунушталып турат.

[11] Бай-Тушум 2009-жылдын сентябрь айынын тартып МФКга кайра өзгөртүлүп түзүлгөн.